КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 7 Токтому**

**11-декабрь 2024-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга түзүлгөн социалдык-экономикалык өнүгүү планы жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык пландоо жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Шыгаев Т.Д. айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга түзүлгөн социалдык-экономикалык өнүгүү планы жөнүндө маалыматтын угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга түзүлгөн социалдык-экономикалык өнүгүү планы жөнүндө маалымат кагаз же электрондук түрүндө депутаттарга жеткирилбегендиктен өнүгүү планын кароо кийинки сессияда каралсын.
2. Өнүгүү планын карап чыгуу жана сунуштарды киргизүү менен сессияга сунуштоо жагы бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 8 Токтому**

**11-декабрь** **2024-жыл** **Арал айылы**

**Административдик-аймактык реформадан кийин аткарылган иштер жөнүндө**

ААР ден кийин Каракол айыл аймагында аткарылган иштер менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Аткарылган жана аткаруу алдында турган иштер жылдын аягына чейин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы тиешелүү тармактык туруктуу комиссияларга милдеттендирилсин.
2. Токтомдун аткарылышы жеке өзүмдүн көзөмөлүмө калтырылсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын. № 9 Токтому**

**11-декабрь 2024-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы жаңы конуштарга электр чубалгыларын тартуу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын 2024-2027-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү планына киргизилип жаткан Каракол айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдардын жаңы конуштарына электр чубалгыларын тартуу боюнча депутаттардын сунушун ой пикирлерин угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдардын жаңы конуштарына электр чубалгылары тартылсын.
2. Электр чубалгыларын тартууга каржы маселесин чечүү үчүн Талас райондук өнүктүрүү фондусуна жана башка демөөрчү уюмдарга сметалык наркы 2 млн сом болгон долбоорлор жазылсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 11 Токтому**

**11-декабрь 2024-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Казыбек кызы Рахаттын жашаган турак-жайын ремонттон өткөрүүгө материалдык жардам сурап жазган арызы менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Жардамга муктаж аз камсыз Казыбек кызы Рахаттын арызы канааттандырылысын.
2. Жеринде барып түзүлгөн сметанын негизинде 100,0(жүз миң) сомго чейинки суммада акча каражаты курулуш материалдарын сатып алууга материалдык жардам катары бөлүнүп берилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 12 Токтому**

**11-декабрь 2024-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Айыл тургуну Кенесариева Миранын арызын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Жол коопсуздугун сактоо үчүн “Даткайым” магазинин тушуна коюлган жол белгилерин стандартка келтирүү боюнча тиешелүү мекеме-уюмдарга кат жолдонсун.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 13 Токтому**

**11-декабрь 2024-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Айыл тургуну Абдыраимова Рыс эженин турак-жай салууга жер тилкесин сурап жазган арызын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Жер тилкесин алуу үчүн кезекте турган Арал айылынын тургуну Абдыраимова Рыс эжеге айылдагы Жер Мунапысы боюнча тактоо иштеринин негизинде мыйзамсыз басып алынган жер тилкелеринин эсебинен жер тилкеси (айылда жашаган томолой жетимдерден кийин) бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго жана айылдык кенештин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын курамына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышы жеке өзүмдүн көзөмөлүмө коюлсун.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КАРАКОЛЬСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 14 Токтому**

**11-декабрь** **2024-жыл** **Арал айылы**

**“Андаш” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан келген кат жөнүндө**

“Андаш” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан Андаш алтын кенин иштетүү жөнүндө келген каты менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Андаш алтын кенин иштетүү жөнүндөгү маселе “Андаш” жоопкерчилиги чектелген коому жана жергиликтүү бийликтин жетекчилери менен бирдикте Көпүрө-Базар айылынын айыл тургундары менен жеринде жолугушууларды уюштуруп, эл менен бирдикте чечилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышы жеке өзүмдүн көзөмөлүмө коюлсун.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 15 Токтому**

**11-декабрь** **2024-жыл** **Арал айылы**

**Санарип телеберүүсүнүн толук кандуу иштөөсүн камсыз кылуу жөнүндө**

Санарип телеберүүсүнүн толук кандуу иштөөсү үчүн керектүү жабдуулар менен камсыз кылууга жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүү максатында кезектеги сессия **токтом кылат:**

**1.** Санарип теле берүүсүнүң толук кандуу иштөөсү үчүн керектүү жабдуулар менен камсыз кылууга жергиликтүү бюджеттен 50,0(элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**2.** Санарип телеберүүсүнө кошумча каналдарды кошуу жагы сунушталсын.

**3.** Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**